Энекем.
Бир адам бар ,чынар сымал куралган,
Оюмду оңдоп, гүлдөй жайнап буралган.
Кайгы муңду тен бөлүшүп мен менен,
Мен ыйласам, кызыл өңү кубарган.

Көөдөндөгү кусалыкты таратып,
Мен кубансам, менден артык кубанган.
Жараткандан өмүр тилеп мен үчүн,
Күн- түн дебей дуба кылып суранган.

Бир адам бар,мен дегенде бөлүнгөн,
Мен кыйналсам кабыргасы сөгүлгөн.
Ал бар кезде дүйнөм толот заматта,
Бейиш болуп мөмөлөрү төгүлгөн..

Амандыгын мен да тилеп турамын,
Бул турмушта ишенгеним , ынагым.
Жамандыктан турган мени калкалап,
Көкүрөктө ыйык туткан тумарым.

Көкүрөктө ыйык туткан тумарым,
Энем менин -аска- зоодой турагым!